А.Масалиев айыл аймагынын башчысы
_______ Д.Маматкулов

№9А.Орозбеков атындагы орто мектебинин директору
_______ Я.Атабеков

№9 А.Орозбеков атындагы орто мектебинин кесиптик бирлик комитетинин төрайымы
_______ Р.Боркошева

**Кадамжай районундагы А.Масалиев айыл округунун А.Орозбеков атындагы орто мектебинин жана мектептин кесиптик бирлик уюмунун ортосунда 2018-2020-жылдарда билим берүү кызматкерлеринин эмгектик, турмуш-тиричилик шарттарын жакшыртуу жана укуктарын коргоо**

# келишими

**2018-жыл 5-сентябрь** **Кара-Дөбө айылы.**

## I Жалпы жоболор.

1. Бул келишим Кадамжай районундагы А.Масалиев айыл округунун (башчысы Д.Маматкулов) А.Орозбеков атындагы орто мектебинин (директору Я.Атабеков) жана кесиптик бирлик уюмунун (төрайымы Р.Боркошева) ортосунда түзүлдү жана билим берүү тармагында иштеген кызматкерлердин эмгектик, турмуш-тиричилик шарттарын жакшыртуу жана укуктарын коргоо боюнча тараптардын милдеттердин билдирүүчү укуктук акт болуп саналат.

2. Келишим КР аймагында билим берүү кызматкерлерине минималдык социалдык гарантияларды камсыз кылууга багытталган мыйзамдардын жана нормативдүү документтердин (Кыргыз республикасынын Эмгек Кодексин ишке киргизүү жөнүндө Мыйзамы №107, 2004 жылдын 4-август, КР “Билим берүү жөнүндө” мыйзам №92,2003-жылдын 30-апрели, КР “Мугалимдин статусу жөнүндө” мыйзам №9, 2001-жылдын 14-январы, КР “Эмгек коргоо жөнүндө” мыйзам №107, 2003-жылдын 1-августу, “КР нын эмгектик мамилелер тармагында социалдык өнөктөштүк жөнүндө” мыйзам №154, 2003-жылдын 25-июлу, КР “Жергиликтүү өз алдынча башкаруу жана жергиликтүү мамлекеттик администрациясы жөнүндө” мыйзам №5, 2002-жылдын 12-январы) негизинде иштелип чыккан жана кызматкерлердин укуктары бул келишим менен эле чектелип калбайт. Иштин жүрүшүндө тараптардын биргелешкен макулдугу боюнча бул документке билим берүү кызматкерлеринин эмгек шарттарын жана социалдык абалдарын жакшыртуу боюнча бул документке билим берүү кызматкерлеринин эмгек шарттарын жана социалдык абалдарын жакшыртуу боюнча өзгөртүүлөр жана толуктоолор киргизилиши мүмкүн.

3. Тараптар райондук билим берүү кызматкерлеринин социалдык жактан зарыл кызматтары жана милдеттери катары төмөнкүлөрдү көзөмөлдөө керек деп эсептешет.

- кызматкерлердин кызмат акыларын өз убагында берип туруу
- Кызматкерлердин жумуштарында эмгектик жана ден соолукту коргоо, өздөрүнүн жана үй-бүлө мүчөлөрүнүн ден соолугун чыңдоо боюнча иштерди жүргүзүүнү
- тармактын кызматкерлери үчүн укуктук окууларды жана кызмат көрсөтүүлөрдү уюштурууну
- билим берүү кызматкерлеринин кадрдык потенциалдык сактоодо, жакшыртууда, укуктарын коргоодо кесиптик бирлик уюмдарынын таасирдүүлүгүн камсыз кылууну

4. Келишим колдор коюлуп, катталгандан тартып 2020-жылдын 31-декабрына чейин жарактуу.

Макулдашылган мезгилдин ичинде тараптардын ар бири келишимде белгиленген талаптарды так аткарууга, жеке жана жамааттык, эмгектик талаш-тартыштарды мыйзамдын чегинде жолго салууга милдеттенишет.

## II Экономикалык жана социалдык коргоо.

1. КР Эмгек Кодексинин аткарылышын биргеликте көзөмөлдөө жана төмөнкүлөргө өзгөчө көңүл буруу:

- Билим берүү кызматкерлеринин кызмат акыларын, КР Эмгек Кодексинин 361-369, 377-381 стадияларында жана билим берүү кызматкерлерине кызмат акы төлөөнүн жана

системасында (КР Өкмөтүнүн 2011 – жылдын 19 – январында №18 жана 2011 – жылдын 23 – августунда №489 токтомдорунда) белгиленген кызмат акы жана кошумча төлөөлөрдү туура жана өз убагында берилишин көзөмөлдөө

- Кызматкерлердин кызмат акыларынан анын макулдугусуз мыйзамсыз кармап калбоону көзөмөлдөө
- Алдын ала макулдашпай жана төлөбөй туруп кызматкердин функциясына кирбеген жумуштарга чегербөөнү көзөмөлдөө
- Кызматкердин жазуу жүзүндөгү макулдугусуз кызмат акы төлөнбөй турган эргүүгө чыгарбоо чыгарбоону көзөмөлдөө
- Кызматка алган учурда КР Өкмөтүнүн 1999 – жылдын 12 – мартындагы №145 токтомуна ылайык жумуш берүүчү менен кызматкердин ортосундагы эмгек келишимин түзүүнү жана анда КР Эмгек кодексинде, "Билим берүү жөнүндө" жана "Мугалимдин статусу жөнүндө" мыйзамдарында каралган жеңилдиктердин жана кошумча төлөмдөрүн төлөнүшүн көзөмөлдөө Жыл сайын – Айыл округу

Мектеп жетекчилиги

Кесиптик бирлик уюму.

2. Мектепте КР нын Эмгек Кодексинин 415 статиясына ылайык эмгектик талаш – тартыштар боюнча кесиптик бирлик уюмдарынын катышуусу менен комиссия түзүлүшүн жана анын иштөөсүн көзөмөлдөө.

Жыл сайын – Айыл округу

Мектеп жетекчилиги

Кесиптик бирлик уюму.

3. Жан башына каржылоонун жана кызмат акы төлөө боюнча жаңы системанын шартында билим берүү кызматкерлерине кызмат акы төлөө боюнча жаңы мыйзамдуу өзгөрүүлөрдү жана кошумчаларды айыл округунун, мектептин жетекчилигине жана эсепчисине, кесиптик бирлик уюмун өз убагында жеткирүү жана аткарылышын көзөмөлдөө, зарыл учурунда семинарларды жана консультацияларды уюштуруу

Жыл сайын – Айыл округу

Мектеп жетекчилиги

Кесиптик бирлик уюму

4. Билим берүү кызматкерлеринин эмгегин туура тарификациялоону, округдук жана мектептик тарификациялык комиссияларды түзүүнү, анда төмөнкүдөй кошумча төлөмдөрдүн эсептелишин жана төлөнүшүн көзөмөлдөө

- класс жетекчилик жана кружок иштерин жүргүзгөндүгү үчүн
- педагогикалык иш стажы үчүн
- зыяндуу шарттарда иштегендиги үчүн
- кыргыз класстарда орус тилин окуткандыгы үчүн
- дем берүүчү (кызыктыруучу) фонддорду туура бөлүштүрүүнү

Жыл сайын – Айыл округу

Мектеп жетекчилиги

Кесиптик бирлик уюму

5. КР Өкмөтүнүн "Билим берүү мекемелеринин болжолдуу типтүү шарттарын бекитүү жөнүндөгү" 1995 – жылдын 30 – сентябрындагы №404 токтомуна ылайык мектептин шарттарын туура бекитүү жана мугалимдердин, мектеп жетекчилеринин жана көмөкчү кызматкерлердин иш нормаларын мыйзамдуу туура бөлүштүрүүнү көзөмөлдөө.

Жыл сайын – Айыл округу

Мектеп жетекчилиги

Кесиптик бирлик уюму

6. Окуучунун жана тарбиялоонун алдыңкы технологияларын пайдалануу менен натыйжалуу иштеп жаткан билим берүү кызматкерлеринин эмгегин материалдык жана маралдык жактан колдоо, алардын иштерин активдештирүү максатында төмөнкүдөй мектептик жана зоналык кароо – сынактарды уюштуруу

А) “Жаңы окуу жылына мыкты даярдалган үлгүлүү мектеп” кароо – сынагын уюштуруу, анын зоналык түрүнүн жеңүүчүлөрүн сыйлоо үчүн 1 жылда айыл округунун бюджетинен 2000 сом, жалпысынан 3 жылга 6000 сом бөлүштүрүү.

Жыл сайын – Айыл округу
Мектеп жетекчилиги
Кесиптик бирлик уюму

Б) Мектепте “Мыкты окуу канасы” кароо - сынагын уюштуруу, анын жеңүүчүлөрүн сыйлоо үчүн мектептин бюджетинен 1 жылда 500 сом, 3 жылда 1500 сом бөлүштүрүү.

Жыл сайын – Айыл округу
Мектеп жетекчилиги
Кесиптик бирлик уюму

В) “Жылдын мыкты мугалими” кароо – сынагын уюштуруу, анын зоналык түрүнүн жеңүүчүлөрүн сыйлоо үчүн 1 жылда айыл округунун эсебинен 1000сом 3 жылда 3000 сом, мектептик түрүнүн жеңүүчүсүн сыйлоо үчүн мектептин бюджетинин1 жылда 200 сом, 3 жылда 600 сом бөлүштүрүү.

Жыл сайын – Айыл округу
Мектеп жетекчилиги
Кесиптик бирлик уюму

Г) “Жылдын мыкты социалдык өнөктөшү (мектеп жетекчилиги, кесиптик бирлик уюму)” кароо сынагын уюштуруу, анын зоналык түрүнүн жеңүүчүлөрүн сыйлоо үчүн 1 жылдан эсебинен 1000 сом, 3 жылда 3000 сом, бөлүштүрүү.

Жыл сайын – Айыл округу

Д) Республикалык жана облустук олимпиадаларда окуучулары жеңүүчү болгон мугалимдерди сыйлоо үчүн айыл округунун бюджетинен 1 жылда1 жылда 1000 сом, 3 жылда 3000 сом бөлүштүрүү.

Жыл сайын – Айыл округу

Е) Мектепте сиңирген эмгеги боюнча жашына ылайык пенсияга чыккандарды, юбилярларды сыйлоо, 8 – март Аялдар майрамын, Карыялар, Жеңиш, Мекенди коргоочулар күндөрүн белгилөө жана бул максатта 1 жылдан айыл округунун эсебинен 6000 сом, 3 жылда 18000 сом бөлүштүрүү.

Жыл сайын – Айыл округу

Ж) Мугалимдердин кесиптик майрамын белгилөө жана алдыңкы педагокторду сыйлоо үчүн айыл округунун эсебинен 1 жылда 5000 сом, 3 жылда 15000 сом бөлүштүрүү.

Жыл сайын – Айыл округу

7. КР билим жана илим кызматкерлеринин кесиптик бирлигинин Борбордук комитети коомдук бирикмесинин Уставынын 59 – 60 – статияларына ылайык мектепте иштеген кесиптик бирликте мүчөлөрүнүн кызмат акыларынан кармалган 1% мүчөлүк акыларды кесиптик бирликтин райондук комитетинин эсебине ай сайын которуп

туруу, мүчөлүк акыларды өз дарегине которуунун кызмат акы төлөнгөн күндөн тартып 15 күн кечиктирсе, ар бир кечиктирилген календардык күн үчүн күнөлүү кызматкердин эсебинен 0, 15% өлчөмүндө компенсация төлөө.

Жыл сайын – Айыл округу

8. Жогорку жана атайын орто окуу жайларын бүтүп келип, мектепке жумушка орношкон жаш адис педагокторго төмөнкүдөй камкордуктарды көрүү

А) Үй – жай салуу үчүн айыл округунун аймагындагы нормага ылайык жер аянтын кезексиз бөлүп берүү жана аны көзөмөлдөө.

Жыл сайын – Айыл округу
Мектеп жетекчилиги

Б) Жаш адистерди "Жаш мугалимдин депозити" программасына катышкандарга усулдук жардамдарды көрсөтүү жана программага ылайык иштердин аткарылышын, төлөмдөрдүн төлөнүшүн көзөмөлдөө

Жыл сайын – Айыл округу
Мектеп жетекчилиги

В) КР "Билим берүү жөнүндө" мыйзамынан 32 – статьясынан ылайык жаш адистерге педагогикалык ставкасынын 10 эселенген өлчөмүндө айыл округтарынын бюджетинен 1 жолу жөлөк пул төлөө жана төлөнүшүн көзөмөлдөө

Жыл сайын – Айыл округу

9. Билим берүү кызматкерлерине айдоо жерлерди, берүүчү бактарды айыл округундагы орточо баада 50% арзандатылган баада 3 – 5 жылдык мөөнөткө ижарага берүү жана берилишин көзөмөлдөө.

Жыл сайын – Айыл округу
Мектеп жетекчилиги

10. Өз билимин өркүндөтүү боюнча курстарга, семинарларга, конференцияларга ж.б. сапар кызматына барган билим берүү кызматкерлерине сапар чыгымдарын төлөө жана төлөнүшүн көзөмөлдөө.

Жыл сайын – Айыл округу
Мектеп жетекчилиги

11. КР Өкмөтүнүн 2010 – жылдын 2- апрелиндеги №206 токтомуна ылайык бийик тоолуу жана алыскы барууга кыйын болгон зоналардагы оор, жагымсыз жаратылыш – климаттык шарттарда жашаган жана иштеген обоненттер (билим берүү кызматкерлери) үчүн турмуш – тиричилик муктаждыктарына электр энергиясын керектегендиги үчүн акы төлөөдө керектөөнүн нормаларынын чегинде 50% өлчөмүндөгү жеңилдиктерди берүү

а) Жайкы мезгилде, өлчөмүндө 1- майда 1- октябрга чейин – айына 100 квт/ саат электр энергиясы

б) Кышкы мезгилде, өлчөмүндө 1-октябрдан 1-майга чейин айына 170миң кв/с электр энергиясы

жыл сайын – Айыл округу
Мектеп жетекчилиги

12. Жылына мектепке 6000 сомдон 3 жылда 18000 сом мектепти өнүктүрүү үчүн акча каражатын бөлүп берүү.

Жылына – Айыл округу

**III Укуктук коргоо эмгектин коопсуздук шарттарын камсыз кылуу**

1. **Эмгек коргоо боюнча мыйзамдар жана ченемдик укуктук документтер менен айыл округу мектептин жетекчилерин кесиптик бирлик уюмун камсыз кылып туруу кесиптик бирликтин бюджетинин эсебинен социалдык укуктун "Позиция провсоюза" жана усулдук "Мугалимдер дүйнөсү" гезиттерине жазылууну уюштуруп акысыз таратуу үчүн бир жылга 200 сом 3 жылда 600 сом болду.**

Жыл сайын – Айыл округу
Мектеп жетекчилиги
Кесиптик бирлик уюму.

2. **Мектептин басма сөзгө (Гезит журналдарга) жазылуусуна илимий усулдук адабияттарды сатып алуусуна айыл округунун эсебинен 1 жылга 2000 сом 3 жылга 6000 сом, каражат бөлүү жана бөлүнүшүн көзөмөлдөө.**
3. **Мектептин бардык окуу жана көмөкчү каналарында жылуулук жарык режимдеринин сакталышын таза аба менен желдетүүнү камсыз кылышын көзөмөлдөө жумасына бир жолу текшерип туруу**

Жыл сайын – Айыл округу
Мектеп жетекчилиги
Кесиптик бирлик уюму

4. **Мугалимдер жана техникалык көмөкчү кызматкерлер үчүн эмгекти коргоо жана коопсуздук техникасы боюнча акысыз окуу семинарларын уюштуруу аларга бул багытта инструктаж алгандарды каттоо**

Жыл сайын – Айыл округу
Мектеп жетекчилиги
Кесиптик бирлик уюму

5. **Мектепти коопсуздук техникасынын жана өндүрүштүк санитариянын талаптарына ылайык эксплуатациялоону камсыз кылууну көзөмөлдөө коопсуздук техникасынын өндүрүштүк санитариянын талаптарына жооп бербеген учурда абал оңолгонго чейин окутуу тарбиялоо процессин жүргүзүүгө тыюу салуу, абалды оңдоо**

Зарыл учурда – Айыл округу
Сан, эпид бекит

6. **Билим берүү кызматкерлерин өз арызысыз, кесиптик бирлик уюмунун макулдугусуз, керек учурда соттун чечимисиз жумуштан бошотпоо, башка жумушка которбоо, бул талаптын аткарылышын көзөмөлдөө**

Дайыма – Мектеп жетекчилиги
Кесиптик бирлик уюму

7. **Мектепте иштеген мугалимдердин жана көмөкчү кызматкерлердин өздүк делолорунун жана эмгек китепчелерин мыйзамга ылайык туура толтурулушун көзөмөлдөп туруу.**

1 жылда 2 жолу – Айыл округдары
Кесиптик бирлик уюму

8. **Билим берүү бөлүмү менен мектеп жетекчисинин , мектеп жетекчиси менен педагогикалык жана көмөкчү кызматкерлердин ортосундагы эмгек келишимдеринин КР Өкмөтүнүн 1999 – жылдын 12 – мартындагы №145 токтомунун талаптарына ылайык түзүлүшүн жана аткарылышын көзөмөлдөө.**

Жыл сайын – Кесиптик бирлик уюму

9. **Мектептин өрт коопсуздугун алдын алууга даярдыгын текшерүүнү, айыл округунун эсебинен өрттүн алдын алуучу зарыл жабдыктар менен толуктап турууну уюштуруу бул багытта бир жылда 3600 сом 3 жылда 10000 сом болуу жана аткарылышын көзөмөлдөө**

Жыл сайын – Айыл округу
Кесиптик бирлик уюму

**IV – дем алууну ден соолукту чыңдоону уюштуруу**

1. Билим берүү кызматкерлеринин арызынын жана кесиптик бирлик уюмунун чечимдеринин негизинде мамлекеттик жана кесиптик бирлик уюмдарына караштуу санаториялык крорттук дем алуу жана ден соолукту чыңдоо мекемелеринде алардын дарылануусу жана дем алуусун уюштуруу бул багытта 1 жылда айыл округунун эсебинен 12000 сом, жалпысынан 3 жылга 36000 сом бөлүштүрүү аткарылышын көзөмөлдөө

Жыл сайын – Айыл округу
Кесиптик бирлик уюму

2. Кесиптик бирлик уюмунун чечимдери менен санаториялык курорттук жана дем алуу мекемелерине жолдомо алган билим берүү кызматкерлерине өз арызынын негизинде акысыз өргүүлөрдү берүү.

Жыл сайын – Мектеп жетекчилиги
Кесиптик бирлик уюму

3. КР ”Мугалимдердин статусу жөнүндө” Мыйзамына ылайык билим берүү кызматкерлерин жылына бир жолу санитардык профилактикалык кароодон акысыз өткөрүүнү уюштуруу жана көзөмөлдөө.

Жыл сайын – Айыл округу
Мектеп жетекчилиги

4. Балдардын ден соолугун чыңдоочу “Алтын - Бешик” ж.б. борборлоруна бөлүнгөн жөндөмөлөргө ылайык билим берүү кызматкерлеринин 9 – 14 – жаштагы балдарынын дем алуусун уюштуруу жана көзөмөлдөө.

Жыл сайын – Мектеп жетекчилиги
Кесиптик бирлик уюму

5. Жаш балалуу мугалим аялдарга жаш баласын кароо үчүн өз арызынын негизинде баласы 1,5 жашка зарыл учурунда 3 жашка толгонго чейин кызмат орду сакталуу менен кызмат акы төлөнбөгөн өргүү берүү

Дайыма – Айыл округу
Мектеп жетекчилиги

6. Билим берүү кызматкерлеринин эмгек өнүгүүсү боюнча төлөмдөрдү эмгекке жардамсыздык боюнча жана кызматкер дүйнөдөн кайтканда иштеген жеринен төлөнүүчү сөөк көмүү расмийсине кетүүчү жөлөк пулдарды КР Өкмөтүнүн 2011-жылдын 11- ноябрындагы №727 токтомуна ылайык өз убагында төлөөнү уюштуруу жана көзөмөлдөө.

Дайыма – Айыл округу
Мектеп жетекчилиги
Кесиптик бирлик уюму

7. Билим берүү кызматкерлеринин зоналык спартакиядасын уюштуруу үчүн айыл округунун эсебинен 1 жылда 3000сом 3 жылда 9000сом мектеп командасы жеңсе райондук спартакиадага катышуу үчүн 1 жылда 6000 сом 3 жылда 18000 сом болуу

Жыл сайын - Айыл округу

**V Корутунду.**

1. Келишим 3 нускада түзүлгөн тараптардын ар биринде бирден нуска сакталат жана ар бир тараптагы нускалар бирдей юридикалык күчкө ээ.
2. Келишимге өзгөртүүлөр жана толуктоолор 3 тараптын тең бирдей катышуусу жана макулдугу менен жүргүзүлөт. Үч тараптын ар бириндеги нуска бирдей оңдолуп тараптардын жетекчилеринин кол коюусу жана мөөрлөр менен тастыкталып тараптардын ар бирине тапшырылат.